Чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген, алардын билими тууралуу дипломунун, жогорку кесиптик билими жөнүндө дипломдун эквиваленттүүлүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

PhD докторантурага тапшырылуучу бардык документтер жеке өзү тарабынан тапшырылат.

**И.Раззаков атындагы КМТУнун PhD докторантурасында**

**окуу акысы:**

- Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн - 80 000 сом;
- ЕАЭБдин өкмөттөр аралык келишимдерине кирген өлкөлөрдүн (Россия, Казакстан, Тажикстан, Беларусь) жарандары үчүн

  - 110 000 сом;
- ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн (Түркмөнстан, Өзбекстан ж.б.) жарандары үчүн -140 000 сом;
- Алыскы чет мамлекеттин жарандарына -175 000 сом.

Кенен маалымат алуу үчүн :

Доктордук мектептин жетекчиси, Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, т.и.к., доцент Джусупова Махават Абдысадыковна, тел.: +996 (312) 541920, makhavat.djusupova@kstu.kg,

ch.jailoobai.kyzy@kstu.kg,

a.talantbek.kyzy@kstu.kg

Офис: КМТУнун башкы корпусу, 2/323.каб.

Аспирантура жана докторантура бөлүмү (Доктордук мектеп). Программа тууралуу толук маалыматты университеттин Доктордук мектебинин расмий сайтынан алса болот. https://kstu.kg/glavnoe-menju/studentu/zagolovok-po-umolchaniju-2/doktorskaja-shkola/missija-doktorskoi-shkoly.




## *И.Раззаков атындагы КМТУнун PhD докторантурасы*

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (КМТУ) Кыргызстандагы өзгөчө статуска ээ, техникалык билим берүүнүн флагманы катары жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоочу жогорку окуу жайы болуп саналат. Университетте бирдиктүү дүйнөлүк илимий мейкиндикке интеграциялоо жана университетте илимий даражаларды таанууну камсыз кылуу максатында, философия докторлорун (PhD)/ тармак боюнча докторлорду даярдоо боюнча илимий жана билим берүү программалары ийгиликтүү ишке ашырылууда. PhD докторантурада Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин (Кытай, Германия, Казакстан ж.б.) жарандары окушат.

Илимий жетекчиликти ата мекендик жана Россиядан, Казакстандан, Словакиядан, Түркиядан, Венгриядан жана Германиядан келген чет өлкөлүк илимий жетекчилер, докторлор, илимдин кандидаттары жана PhD докторлору жүргүзүшөт.

Кыргыз Республикасынын жарандары жана академиялык магистр даражасы же адистик квалификациясы бар чет өлкөлүк жарандар, ошондой эле илимдин кандидаттары өз багыты боюнча докторантурага (PhD) тапшырууга укуктуу.

Окутуу университеттин (гранттык) жана контрактык негизде дистанттык технологияларды колдонуу менен күндүзгү бөлүмдө жүргүзүлөт. Окуу учурунда PhD докторанттар сөзсүз түрдө чет өлкөлүк стажировкадан өтүүсү керек.

Окуу мөөнөтү тандалган багытка жараша 3-4 жылды түзөт.

PhD докторантурага документтер 2024-жылдын 10-июлунан 10-октябрына чейин кабыл алынат. Кирүү сынактары 11-октябрдан 16-октябрга чейин, окутууга кабыл алуу (зачисление) 2024-жылдын 18-октябрына чейин жүргүзүлөт.

**Философия докторлорун / (PhD) тармак боюнча докторлорду даярдоо багыттары:**

1. 580600 - Логистика;

2. 620100 - Геодезия жана аралыктан зонддоо: геодезия жана геомаалыматтык технологиялар;

3. 630100 - Колдонмо геология: Колдонмо геологиядагы географиялык маалыматтык системалар жана технологиялар;

4. 630300 - Тоо-кен иши: Тоо-кен өндүрүшүндөгү геомаалыматтык технологиялар;

5. 640200 - Электр энергетика жана электротехника;

6. 650300 - Машина куруу;

7. 650500 - Теориялык жана колдонмо механика;

8. 710100 – Компьютердик жана маалыматтык технологиялар: Компьютердик жана маалыматтык технологиялар;

9. 710100 – Компьютердик жана маалыматтык технологиялар: Маалыматтык системалар жана процесстер;

10. 741000 - Тамак-аш азыктарынын технологиясы;

11. 750300 - Архитектуралык чөйрөнү калыбына келтирүү жана реконструкциялоо: Архитектуралык мурастарды реставрациялоо жана реконструкциялоо;

12. 750500 – Курулуш: Имараттар, энергияны үнөмдөө, энергияны үнөмдөөчү архитектура, климаттын өзгөрүшү;

13. 750500 - Курулуш: Суу менен камсыздоо жана канализация;

14. 750100 – Архитектура: Имараттардын жана комплекстердин архитектурасын долбоорлоо методикасы;

15. 580200 - Менеджмент: Тармактардагы менеджмент;

16. 580100 – Экономика.

**Талап кылынуучу документтер:**

1. PhD докторантурага кабыл алуу үчүн КМТУнун ректорунун атына арыз;

2. Паспорттун жана аскердик билеттин көчүрмөсү;

3. Изилдөө темасынын кыскача негиздемеси;

4. Кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин (иш стажыңыз болсо) көчүрмөсү (чет өлкөлүк жарандардан сырткары);

5. Өздүк баракча;

6. «Магистр» же «Адис» квалификациясын ыйгаруу жөнүндө дипломдун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

7. Түстүү сүрөттөр 3,5×4,5 см (2 даана);

8. Жарыяланган илимий иштердин тизмеси (эгер тизме жок болсо, экиден кем эмес тармактык эксперттин рецензиялары менен коштолгон адистик боюнча реферат);

9. Тесттен өткөндүгү тууралуу сертификат (TOEFL 600/250/100, IELS 7.0);

10. Орус тилин билгендиги жөнүндө сертификат (чет өлкөлүк жарандар үчүн);

11. Ден соолугу тууралуу маалымкат.